| | | |
|---|---|---|
| | **Q-2024-0008**<br>(документтин шифри)<br>**7**<br>(беттин саны)<br>**2024/19/04**<br>(бекитилген датасы) | Ош мамлекеттик университети<br>**САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ**<br>**ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО** |

БЕКИТЕМИН

ОшМУнун ректору,
профессор К.Г. Кожобеков

______________________________

2024-жылдын “_____”___________

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ

# ЖОБО

**Ош, 2024**

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык кеңеши жөнүндө |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | 2024-жылдын 19-апрелиндеги ОшМУнун Административдик кеңешинин № 22 протоколунун чечими менен бекитилген. |
| Документтин шифри | **Q-2014-0008** |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык кеңешинин ишмердүүлүгүн аныктайт. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

## М А З М У Н У

**ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ**


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Титулдук барак | 1 |
| 2. | Ченемдик документтердин паспорту | 2 |
| 3. | Шарттуу кыскартуулар | 2 |
| 4. | 1. Жалпы жоболор | 3 |
| 5. | 2. Окуу-методикалык кеңештин максаттары | 3 |
| 6 | 3. Окуу-методикалык кеңештин ишмердиги | 3 |
| 7 | 4. Окуу-методикалык кеңештин түзүмү | 4 |
| 8. | 5. Окуу-методикалык кеңештин ишин уюштуруу | 4 |
| 9. | 6. Окуу-методикалык кеңештин мүчөлөрүнүн милдеттери | 6 |
| 10. | 7. Окуу-методикалык кеңештин укуктары | 7 |


## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

ОшМУ – Ош мамлекеттик университети

ОМК – окуу-методикалык кеңеш

ОСМКБ – окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү

ПО курамы – профессордук-окутуучулук курам

ПЦК – предметтик циклдык комиссия

ОК – Окумуштуулар кеңеши

КР – Кыргыз Республикасы

СӨАИ – студенттин өз алдынча иши

МАК - мамлекеттик аттестациялык комиссия

## 1. Жалпы жоболор

1.Окуу-методикалык кеңеш (мындан ары - ОМК) ОшМУда окуу процессин өркүндөтүү жана сапатын жогорулатуу боюнча окуу-методикалык иштерди координациялоочу туруктуу иш алып баруучу коллегиалдуу орган болуп саналат.

2.Кеңештин ишин уюштуруу жана жүргүзүү университеттин окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү (мындан ары – ОСМКБ ) тарабынан ишке ашырылат.

3. ОМК өз ишинде төмөнкү ченемдик документтерди жетекчиликке алат:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик документтери;
- Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндөгү жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому;
- 2023-26-жылдардагы “Ош мамлекеттик университетинин туруктуу өнүгүү модели” стратегиялык өнүктүрүү программасы
- Университеттин Уставы;
- Локалдык документтер.

4.ОМКнын чечимдери сунуш берүүчү мүнөздө болот.

5.Окуу-методикалык кеңешти уюштуруу жана жоюу университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечимине ылайык ректордун буйругу менен ишке ашырылат.

6.Түзүмдөрдөгү (институттар, факультеттер, жогорку мектеп жана колледждердеги) окуу-методикалык кеңештин төрагалыгына тажрыйбалуу усулчу, үлгүлүү окуу-методикалык комплекс (мындан ары - ОМК) түзүүчүсү жана окуу басылмаларынын автору болуу менен, ОшМУда 5 жылдан кем эмес иштеген окутуучу түзүмдүн жетекчиси тарабынан дайындалат.

## 2. Окуу-методикалык кеңештин максаттары

ОшМУнун сапат саясаты жана миссиясын ишке ашыруу үчүн:

- окутуунун сапатын камсыз кылуу боюнча бирдиктүү мамилелерди калыптандырууну;
- университеттин институттарынын, факультеттеринин, жогорку мектептеринин жана колледждеринин ишмердигинде окутуунун сапатын жогорулатууну;
- Кыргыз Республикасынын эмгек рыногунда жана чет өлкөлөрдө суроо-талапка ээ болгон жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо боюнча иш алып барууну максат кылат.

## 3. Окуу-методикалык кеңештин ишмердиги

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин жана ОшМУнун окуу процессин башкаруу жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жөнүндө буйруктарын, көрсөтмөлөрүн аткаруу боюнча иштерди жүргүзөт.

Негизги билим берүү программаларын ишке ашырууда тиешелүү окуу-методикалык документтердин жоболорун, үлгүлөрүн иштеп чыгат.

ОшМУнун түзүмдөрүндөгү ПО курамынын окуу-методикалык документациясына мониторинг жүргүзөт.

Студенттердин билим деңгээлине диагностикалык жана жыйынтыктоочу мониторингди уюштурат жана жүргүзөт.

Дисциплиналардын окуу китептери жана окуу-усулдук адабияттары менен камсыз болуусуна мониторинг жүргүзөт.

Структуранын ПО курамы тарабынан жазылган окуу жана окуу-усулдук колдонмолору, методикалык сунуштамалар, сөздүктөр, электрондук окуулуктар ж.б. эмгектеринин кол жазмаларынын дисциплинанын окутуу натыйжаларына шайкештигине, усулдук материалдар менен жабдылышына, структурасына жана техникалык тариздешишине талдоо жүргүзөт жана ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин кароосуна сунуштайт.

Окутуу процессине заманбап билим берүү технологияларын киргизүү боюнча сунуштарды берет.

ПО курамга алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жайылтат.

Ар кандай деңгээлдеги окуу-методикалык конференцияларды, түрдүү инновациялык семинар-тренингдерди уюштуруп окуу-методикалык тажрыйбаны арттырат.

Университеттик жана түзүмдүк деңгээлде “Заманбап лектор”, “Заманбап окутуучу”, “Заманбап СӨАИ чебери”, “Педагогикалык дебют” аталышындагы конкурстарды өткөрөт.

Окутулуп жаткан дисциплиналардын окуу-методикалык документтеринин – силлабус, баалоо каражаттары, критерийлери, өз алдынча иштөө үчүн берилүүчү заманбап материалдар жана тапшырмалар, материалды өздөштүрүү максатында колдонулган видеолор, презентациялар, теориялык материалдар ж.б.у.с. сапаттык көрсөткүчүнө анализ жүргүзүп, өркүндөтүүгө сунуш берет.

Структуранын ички кадрлар резервине жаңыдан кабыл алынган талапкерлерге методикалык жардам көрсөтөт (консультация, мастер-класстар, семинар-тренингдерди өткөрүү ж.б.)

Окутуунун сапатын аныктаган баалоо каражаттарынын фондундагы өз алдынча иштердин, учурдагы, аралык текшерүүлөрдүн, жыйынтыктоочу сынактардын, тесттик материалдардын суроо-тапшырмаларынын баалоо критерийлеринин сапатын анализдейт жана бекитүүгө макулдугун берет.

## 4. Окуу-методикалык кеңештин түзүмү:




ОМКнын мүчөлөрүнүн курамы ректордун буйругу менен бекитилет.

Окуу-методикалык кеңеш ишин натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн убактылуу жумушчу жана эксперттик топторду түзөт.

## 5. Окуу-методикалык кеңештин ишин уюштуруу

ОМКнын ишине тикелей жетекчиликти төрага, ал эми ал жок учурда төраганын орун басары ишке ашырат.

ОМК өз ишмердүүлүгүн төрага бекиткен жылдык иш пландын негизинде жүргүзөт.

ОМКнын жыйналыштары айына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт жана протоколдор менен таризделет.

ОМКнын чечимдери анын мүчөлөрүнүн 51%дан кем эмес катышса, ыйгарым укуктуу болуп саналат.

ОМКнын жыйналыштары бардык маселелер боюнча ачык добуш берүү аркылуу көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Добуштар тең болгон учурда кеңештин төрагасы (же аны алмаштырган орун басары) чечүүчү добушка укуктуу.

Кеңештин чечимдери ОСМКБ жана институттардагы, факультеттердеги, жана колледждердеги ОМКнын төрагаларынын ишмердүүлүгү аркылуу ишке ашырылат.

Кеңештин чечимдери ОшМУнун бардык түзүмдөрү тарабынан аткарылат.

ОМК ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине жана админкеңешке отчет берет.

## 6. ОМК мүчөлөрүнүн милдеттери:

**ОМКнын төрагасынын милдеттери:**

- Окуу жылына ОМКнын иш планын бекитет;
- Окуу-методикалык кеңештин жыйналыштарын өткөрөт;
- ОМКнын ишин координациялайт;
- ОМКнын чечимдеринин негизинде окуу-методикалык иштерге тиешелүү маселелер боюнча жоболорду, локалдык документтерди Окумуштуулар кеңешинин кароосуна алып чыгат;
- Убактылуу эксперттик жана жумушчу топтордун курамын бекитет.

**ОМКнын төрагасынын орун басарынын милдеттери:**

- Университеттин ОМКсынын кеңешмесин төрага жок кезде өткөрөт;
- ОМКнын иш пландарынын жана графиктеринин долбоорлорун түзөт;
- жумушчу жана эксперттик топтордун курамы боюнча сунуштарды даярдайт;
- ОМКнын чечимдеринин долбоорлорун даярдайт;
- түзүмдүк бөлүмдөрдүн окуу-методикалык кеңештин төрагаларынын ишин анализдейт жана өркүндөтүү боюнча сунуштарды берет;
- МАКтын программаларын, суроо-тапшырмаларын бекитүүгө макулдук берет;
- окутуунун сапаты боюнча иштерди уюштурат, көзөмөлдөйт жана мониторнг жүргүзөт;
- жаңы кабыл алынган окутуучулардын сабактарына катышат, баа берет жана окутуучулукка өтүүгө сунуштама берет;
- түзүмдүк деңгээлдеги конкурстардын уюштурулуп, өткөрүлүшүнө катышат, университеттик деңгээлдеги конкурстарды өткөрөт;
- видео көзөмөл аркылуу алынган сабактарды анализдеп, тиешелүү сунуштарды берет;
- бөлүмдүн адистеринин жана ОМК мүчөлөрүнүн иш тажрыйбасын жогорулатуу максатында иш сапарларына жөнөтүү үчүн жетекчиликке сунуш берет;
- иш тажрыйбасын жакшыртуу үчүн кеңешмелерге, конференцияларга жана семинарларга катышат;
- мониторингдердин маалыматтарын анализдейт, коррекциялоочу иштерди кийрүү боюнча сунуштарды берет;
- бөлүмдүн адистеринин жана ОМК мүчөлөрүнүн иш-аракеттерин объективдүү баалап, түрдүү деңгээлдеги сыйлыкка көрсөтүүгө сунуштарды берет;
- университеттин жетекчилигине окутуунун сапаты боюнча тиешелүү отчетторду даярдайт.

**ОМКнын мүчөлөрүнүн милдеттери:**

- ОМКнын түзүмдүк деңгээлдеги иш планын түзөт жана аны ишке ашырат;
- тажрыйба алмашуу, окутуу методикасын өркүндөтүү багытындагы консультацияларды, семинарларды, кеңешмелерди, илимий-методикалык конференцияларды уюштурат жана өткөрөт;
- МАКтын программаларына жана анын суроо-тапшырмаларынын, тест- билеттеринин тиешелүү адистиктин окутуунун натыйжаларына жана калыптандыруучу компетенцияларына дал келишин талдайт, сапатын анализдейт;

- жаңы кабыл алынган окутуучулардын сабактарына талдоо жүргүзүп, сунуш-пикирлерди берет жана семинар-тренигдер аркылуу методикалык жардам көрсөтөт;
- ПО курамдын окуу-усулдук эмгектерин рецензиялайт жана ОМКнын редколлегиясына сунуштаган протоколдорду түзөт;
- тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдүн окутуунун сапаты боюнча иштерине тиешелүү маселелерди ОшМУнун окуу-методикалык кеңешинин кароосуна сунуштайт;
- ОМКнын отурумдарына катышат.

**ОМКнын катчысынын милдеттери:**

- ОМКнын мүчөлөрүнө алдыдагы жыйналыштардын убактысы жана күн тартиби жөнүндө өз убагында маалымат берет;
- кеңештин жыйналыштарында кабыл алынган чечимдерди кызыкдар тараптарга жеткирет;
- жыйналыштардын протоколдорун түзөт.

## 7. Окуу-методикалык кеңештин укуктары

ОМК төмөнкүлөргө укуктуу:

- университетте окутуу процессин жакшыртуу боюнча сунуш киргизүүгө;
- окутуучулардын кесиптик деңгээлин көтөрүү үчүн квалификацияны жогорулатууга сунуштарды берүүгө;
- жетекчиликке ПО курамдын мүчөлөрүн ОМК иштерине активдүү катышкандыгы үчүн сыйлыкка көрсөтүү маселесин коюуга;
- өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу жана алардын аткарылышын көзөмөлдөөгө;
- университеттин жетекчилигине жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерине усулдук жана билим берүү ишин өркүндөтүү боюнча сунуштарды берүүгө;
- түзүмдүк бөлүмдөрдөн окуу-методикалык камсыздоого байланышкан материалдарды жана документтерди алууга.